**"Бишкек инновациялык колледжи" мекемесинин**

**Илим бөлүмүнүн отурумунун**

**№ 9-Протоколу**

**Бишкек шаары**

**20-март 2024-жыл**

**Катышкандар: Осмонова Ч.М., Тагаева Г.А., Мамбеталиева С.Ч., Атакулова З.М., Талантова Н.Т., Айтмолдоева Л.Т., Мамаева Н.Ы.,**

**Күн тартиби:**

1. Студенттер арасында олимпиада өткөрүү жөнүндө
2. "Жашыл экономика" боюнча стартап программасы жөнүндө
3. Окуу-илимий методикалык колдонмо китепчелерин басып чыгуу
4. Кесипке багыт берүү иш чараларына даярдык.
5. Ар кандай маселелер

**Угулду:** Окуу бөлүмүнүн башчысы Талантова Н.Т. уставдын, олимпиада өткөрүү жөнүндөгү жобонун негизинде зээндүү студенттерди аныктоо, алардын билимин өркүндөтүүгө, чыгармачылык жөндөмүн жана изилдөө иштерине болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзүү максатында 1-2-3-курстардын студенттеринин арасында төмөндөгү дисциплиналар боюнча олимпиада өткөрүү жөнүндө маалымат берди

1-курстар арасында:

1. Дүйнө жана Кыргызстан тарыхы
2. Математика
3. Кытай тили
4. Англис тили

2-курстар арасында:

1.Кыргызстан тарыхы

2.Англис тили, кытай тили

4. Экономикалык дисциплиналар

5. Юридикалык дисциплиналар.

Олимпиада өткөрүү жөнүндө комиссиянын төрагаларын бекитүү сунушу каралды

1- курстар арасында - Тагаева Г.А.;

2-курстар арасында экономикалык жана юридикалык багыттагы адистиктер үчүн- М.З. Атакулова;

1-2-курстар арасында англис жана кытай тили боюнча - Ч.С. Мамбеталиева.

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча Гуманитардык дисциплинар секторунун башчысы Атакулова З.М. «Экономика» багыты боюнча 1-3-курстар арасында өткөрүлө турган "Бүгүнкү долбоорлор эртеңки чындык" аталышындагы "Жашыл экономика стартаптары" долбоору жөнүндө тааныштырды. Аталган долбоордун актуалдуулугу студенттерге долбоорлор менен иштөөдө бизнес жөндөмдөрүн жана жөндөмдөрүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берген уникалдуу интерактивдүү оюн аркылуу берилет. Бул студенттерге окуу процессинде алган билимдерин практикада колдонуу аркылуу өз идеяларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Долбоордун жаңылыгы: Кыргыз Республикасынын облустарынын жана шаарларынын туристтик потенциалын өнүктүрүү. Жашыл экономиканын стратегияларын ишке ашыруу жана альтернативдик энергия булактарын пайдалануу.

Иш-чаранын максаты: "Жашыл экономикадагы стартаптар" студенттердин атайын дисциплиналарды окуудан алган билимдерин системалаштыруу жана бекемдөө, алар фундаменталдык жана кесиптик билимдердин, көндүмдөрдүн жана көндүмдөрдүн системасын калыптандырууга багытталган, алар эркин жана өз алдынча колдоно алышат. практикалык иш-чаралар.

Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучулардын долбоорлору көрсөтүлөт. БУ-23, БД-23, М-23, Ф-23, БУ-22, Ф-22, М-22, БД-22 жана Ф, БД-21 тайпаларынан жалпысынан 9 тайпа катышууда.

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча илим бөлүмүнүн адиси Осмонова Ч.М. окутуучулар К.Э.Эркинбеков жана Ж.К.Асанов Адам жана коом, Манас таануу сабактары боюнча жана англис тили сабагынын окутуучулары Н.А.Тагаев жана М.Рыскулбеков атындагы КЭУ мугалими Курманова Г. тарабынан даярдалган англис тили үчүн үй тапшырма "Home reading" боюнча жазылган окуу-илимий методикалык колдонмо китепчелерин колледждин студенттери үчүн окуу программаларына ылайык жазылгандыгы жөнүндө маалымат берди.

Төртүнчү маселе боюнча директордун орун басары Мамаева Н.Ы. 2024-2025-окуу жылына карата абитуриенттерди сапаттуу кабыл атуу максатында орто мектептердин 9-11 класстарынын бүтүрүүчүлөрүнүн арасында 2024-жылынын 1-апрелинен баштап 1-июнуна чейин кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү, уюштуруу жана өткөрүү боюнча маалымдады.

**Чечим:**

1. 1-2-3-курстардын студенттеринин арасында жогоруда аталган дисциплиналар боюнча олимпиаданын программалары бекитилсин.
2. 1-3-курстар арасында өткөрүлө турган "Бүгүнкү долбоорлор эртеңки чындык" аталышындагы "Жашыл экономика стартаптары" долбоорунун программасы бекитилсин.
3. Окутуучулар: К.Э.Эркинбеков жана Ж.К.Асанов тарабынан Адам жана коом,Манас таануу сабактары үчүн ал эми англис тили үчүн үй тапшырмалар Н.А.Тагаев, Курманова Г. тарабынан жазылган окуу-илимий методикалык колдонмо китепчелерин басып чыгууга сунушталсын.
4. Кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү, уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөндөгү жоопту кызматкерлер дайындалсын:

- Мамаева Н.Ы.- директордун орун басары;
- Айтмолдоева Л.Т.- Билим беруу жана иштин сапатын көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы.

Илим бөлүмүнүн адиси Осмонова Ч. М.

Катчы: Тагаева Г.А.

**“Бишкек инновациялык колледжи” мекемесинин**

**Илим бөлүмүнүн отурумунун**

**№ 10-Протоколу**

**Бишкек шаары** **15-апрель 2024-жыл**

**Катышкандар: Осмонова Ч.М., Тагаева Г.А., Мамбеталиева С.Ч., Атакулова З.М., Талантова Н.Т., Айтмолдоева Л.Т., Мамаева Н.Ы.,**

**Күн тартиби:**

1. 2024-2025-жылдарга карата окуу-методикалык иш планына ылайык мугалимдердин окуу-методикалык иштеп чыгууларын талкуулоо жөнүндө.
2. Студенттердин өз алдынча иштөө тажрыйбасын талдоо жана жалпылоо, аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
3. Квалификациялык практиканын жыйынтыгы
4. 2-курстун студенттеринин өндүрүштүк практикасынын жыйынтыгы.
5. Ар кандай маселелер

**Угуду:** Илим бөлүмүнүн адиси Осмонова Ч.М. окутуучулардын предмет боюнча адистик теориялык билимин, усулдук чеберчилигин жана предметтин мазмунунун негизинде тарбиялык иштерди жүргүзүү деңгээлин жогорулатууга багыт берүү максатында 2024-2025-жылдарга карата окуу-методикалык иш планына ылайык мугалимдердин окуу-методикалык иштеп чыгууларын талкуулоо жөнүндө маалымат берди.

Экинчи маселе боюнча Тагаева Г.А. студенттердин өз алдынча иштөө тажрыйбасын талдоо жана жалпылоо, аны өркүндөтүүдө илимий ыкмалардын, теориялык мектептердин, концециялардын негизинде сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

Чет тилдер секторунун башчысы Мамбеталиева С.Ч. 12-февралдан 29-март аралыгында өткөн “Котормо иши” (кытай тили, англис тили) багыты боюнча 3-курстун студенттеринин квалификациялык практикасын жыйынтыгы боюнча конференциянын жүрүшү тууралуу маалымат берди

**Чечим:** 2024-2025-жылдарга карата окуу-методикалык иш планына ылайык мугалимдердин окуу-методикалык иштеп чыгуулары көзөмөлгө алынсын.

2. Студенттердин өз алдынча иштөө тажрыйбасын талдоо жана жалпылоо, аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу сектор башчыларына жүктөлсүн.

3. Квалификациялык практиканын боюнча конференциянын жыйынтыгы кабыл алынсын.

4. Жогорудагы айтылган окуу-илимий- методикалык иштерди ар бир пункту аткарууга сунушталсын.

Илим бөлүмүнүн адиси Осмонова Ч. М.

Катчы: Тагаева Г.А.